**Диссертациялык кенештин экспертинин**

**КОРУТУНДУСУ**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институтуна жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдеринин доктору (кандидаты), маданият таануу жана искусство таануунун кандидаты окумуштуулук даражаларды изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д 09.22.657**

Алымбаев Абдрахман Мырзагуловичтин (Байас Турал) 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын мифоэпикалык табияты: Тенир философемасынын эволюциясы» аттуу диссертациялык ишин карап чыгып, философия илимдеринин доктору доцент Токоева Гулдана Самидиновна төмөндөгү корутундуга келди:

**1.Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган докторлук диссертациялык иш Д 09.22.657 диссертациялык кеңешинин профилине туура келет.

Иште 09.00.03 – философиянын тарыхы адистигинин паспортуна жооп берүүчү философиялык парадигмалар аркылуу байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымы жана тенир философемасынын эволюциясына концептуалдуу талдоо жүргүзүлгөн.

**2. Иштин максаты катары жана милдеттери**

**Иштин максаты катары** – улуттук маданий салттын негизги элементи катары байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын табиятын жана теңирчилик философемасынын эволюциясын ар тараптуу талдоо.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү **милдеттерди** аткаруу менен чечилген:

1. Байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын калыптанышынын жана анын теңирчилик философиясында чагылдырылышынын өбөлгөлөрүн аныктоо;
2. Тецир философиясындагы салттын негизин түзгөн кыргыз элинин космогониялык, антропоморфтук жана тотемдик дүйнөтаанымдарын изилдөө;
3. Теңирчиликтин жалпы дүйнөтаанымын система катары ар кандай тарыхый мезгилдердеги трансформация абалын эске алуу менен эволюциясын талдоо;

4. Кыргыз эпикалык, ритуалдык жана көркөм чыгармачылыктагы теңирчилик идеяларынын актуалдашуусун жана чагылдырылышынын механизмдерин ачуу;
5. Теңирчилик философемасынын азыркы кыргыз коомунун баалуулук багыттарынын, этикалык нормаларынын жана социалдык практикасынын калыптанышына тийгизген таасирин аныктоо;
6. Ааламдашуу шартында кыргыз элинин улуттук кайра жаралуу процесстеринде мифоэпикалык мурастын ролун жана маанисин аныктоо;
7. Кыргыздын мифоэпикалык дүйнөтаанымындагы улуттук өзгөчөлүктүн (иденттүүлүгүнүн) калыптанышы жана андагы Теңир философемасынын ордун аныктоо;
8. Теңирчилик философемасынын азыркы кыргыз маданиятында жана каада-салттарында колдонулушун изилдөө жана баалоо.

Дүйнөлүк философия илиминин классиктеринин, кыргыз философторунун эмгектери, теориялык жалпылоолору, парадигмалары, изилдөөлөрү каралды. Диссертацияда илимий ыкмалар: анализ жана синтез; чечмелөө жана жалпылоо; салыштырма; тарыхый-логикалык; экзистенциалдык; абстрактуулук жана конкреттүүлүк; аксиоматикалык ж.б. колдонулду.

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.** Ааламдашуу жана улуттук өзгөчөлүктү философиялык көз караштa изилдөө шартында кыргыз элинин маданий-тарыхый мурасын түшүнүүгө жана сактоого болгон муктаждык өсүүдө. Кыргыздардын дүйнөтаанымынын архаикалык мифоэпикалык негиздерине кайрылуу улуттук кайра жаралуу процесстеринин контекстинде өзгөчө мааниге ээ. Кыргыздардын нарктык багыттарынын, этикалык нормаларынын жана коомдук практикасынын калыптанышына чечүүчү таасирин тийгизген негизги диний жана дүйнөтааным системасы катары теңирчиликти ар тараптуу философиялык-маданий изилдөөнүн зарылчылыгы актуалдуу бойдон калууда. Бул маселе тереңирээк теориялык түшүнүүнү талап кылып келет.

Азыркы маданиятта кыргыздардын мифоэпикалык мурастарын сактоо жана урпактарга өткөрүп берүү механизмдерин реконструкциялоонун, архаикалык космогониялык, антропоморфтук жана тотемдик идеялардын улуттук өзгөчөлүктү сактоодогу ролун аныктоонун мааниси диссертациялык иште көтөрүлгөн. Теңирчилик философиясынын байыркы космогониялык көз караштардан өнүккөн этикалык-философиялык концепцияларга чейинки эволюциясынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоо зарылдыгы, бул улуттук дүйнөтаанымдын өзгөрүшүнүн тарыхый динамикасын байкоого мүмкүндүк берет. Теңирчилик идеяларынын азыркы кыргыз коомунун баалуулук багыттарынын, этикалык нормаларынын жана социалдык практикасынын

калыптанышына тийгизген таасирин изилдөөнүн, ошондой эле алардын улуттук кайра жаралуу процесстериндеги ролун аныктоонун актуалдуулугу изилденген.

Байыркы кыргыз элинин дүйнө таанымынын мифоэпикалык табиятын жана алардын маданий салты үчүн теңирчиликтин негизги философиясынын эволюциясын комплекстүү изилдөө кыргыздардын маданий-тарыхый мурасын сактоо жана жеткирүү үчүн маанилүү теориялык жана практикалык мааниге ээ. Жогоруда белгиленген концептуалдык жагдайлар диссертациянын илимий-теориялык актуалдуулугун айгинелеп турат.

**3. Илимий натыйжалар**

Иште философия илиминин өнүгүшү үчүн жогорку мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы натыйжалар келтирилген:

3.1.**Иштин диссертациялык изилдөөлөргө коюулуучу талаптарга жооп бере турган жаңылыгы.** Азыркы мезгил жана мейкиндиктин кооптуу континууму менен учурлаш, соңку геосаясий тилкелердин өзгөчө кырдаалы менен шартталган философиялык антропологиянын маңызы, анын социожаратылыштык жана социомаданий табияты конкреттүү гуманисттик типологиянын, гуманисттик парадигмалардын, трансгуманисттик долбоордун жана этикалык доктринанын алкагында изилденгендиги менен шартталган.

Диссертациялык изилдөөлөргө коюулуучу талаптарга жооп бере турган жаңылык катары мүнөздөлгөн жагдай төмөнкү концептуалдык констаталар аркылуу конкреттештирилди:

*1-жыйынтык.* Ынанымдуу. Анткени, диссертант тарабынан ата мекендик гуманитардык илимдерде биринчи жолу байыркы кыргыз элинин мифоэпикалык дүйнөтаанымынын табиятына жана алардын маданий салтына негиз болгон теңир философемасынын эволюциясына ар тараптуу илимий талдоо жүргүзүлгөн.

*2-жыйынтык.* Ишенимдүү. Себеби, автор тарабынан Теңир диний-философиялык системасынын негизинде жаткан кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын калыптанышынын тарыхый-маданий өбөлгөлөрү аныкталды, бул анын архаикалык космогониялык, антропоморфтук жана тотемдик компоненттерин реконструкциялоого мүмкүндүк берди.

*3-жыйынтык.* Негиздүү жаңы. Анткени, изденүүчү Теңир философиянын эволюциясы байыркы космогониялык идеялардан өнүккөн этикалык-философиялык концепцияларга чейин, бул идеологиялык системанын өзгөрүлүп жаткан тарыхый шарттарга ыңгайлашуу механизмдерин ачып берүүгө жетишкен.

*4-жыйынтык.* Логикалык жаңы. Диссертант өз изилдөөсүндө философиялык концептуалдык манызы менен логикалык табиятын азыркы адам маңызын обьективдүү аңдоонун адекваттуу формасы экендигин айгинелеп, мифтердин негизинде далилдей алган.

*5-жыйынтык.* Жетиштүү жаңы. Анткени автор, диссертацияда белгилегендей, кыргыз эпикалык, ритуалдык жана көркөм чыгармачылыктагы теңирчилик идеяларынын чагылдырылышынын жана актуалдашуусунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктады, азыркы маданиятта мифоэпикалык мурастарды сактоо жана урпактарга өткөрүп берүү механизмдерин айкындоого жетишкен.

*6-жыйынтык.* Ынанымдуу жаңы. Себеби изденүүчү Теңирчилик философиясынын азыркы кыргыз коомунун нарктык багыттарынын, этикалык нормаларынын жана социалдык практикасынын калыптанышына тийгизген таасирин аныктоо менен анын улуттук кайра жаралуу процесстериндеги ролун негиздөөнү чечмелей алган.

*7-жыйынтык.* Концептуалдуу жаңы. Анткени, диссертант тарабынан байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын табиятын жана улуттук маданият үчүн теңирчиликтин фундаменталдык философиясынын эволюциясынын механизмдерин ачып берген концептуалдык модель иштелип чыккан, ал ата мекендик философиялык салыштырма илимдин өнүгүшүнө зор салым кошо алынгандыгында.

*8-жыйынтык.* Жалпы жаңы. Диссертациядагы чыгарылган корутундулар, жобо жана жыйынтыктар илимий-концептуалдуу негизде аргументтүү ой-пикирлер менен берилген. Изилдөөгө алынган маселенин актуалдуулугу, өзүнүн көп кырдуулугуна байланыштуу башка илимдердин алкагында изилденип чыгарылган тыянактарга да таянууга түрткү болгон. Диссертациялык изилдөөдө академиялык стилдеги нукура кыргыз тилиндеги бир терминдер колдонулган. Алынган натыйжалар кыргыз этникалык улуттук дүйнөтаанымынын өзгөчөлүктөрүн, анын тарыхый тамырларын жана азыркы шарттарда котормо механизмдерин түшүнүүнү кеңейтет, бул элдин маданий-тарыхый өзгөчөлүгүн сактоодо маанилүү теориялык жана практикалык мааниге ээ.

**3.2.Диссертациядагы чыгарылган ар бир жыйынтыктардын (жобонун, натыйжалардын, корутундунун) негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү**

Автордук изилдөөнүн негизинде жасалган жыйынтыктар илимий жактан маанилүү болуп эсептелет. Илимий иште философия илиминин өнүгүүсү үчүн

олуттуу мааниге ээ төмөндөгүдөй жаңы жалпыланган илимий-теориялык жыйынтыктар берилген:

*1-жыйынтык.* Жетишээрлик деңгээлде ынанымдуу. Антқени, мифоэпикалык дүйнөтаанымдын философиялык маңызы миф менен эпостордо адамдын ой жүгүртүүсүнүн жана дүйнө таанымын билдирүүнүн өзгөчө формасы экендигинде. Алар адамдын жашоосунун ар кандай аспектилерин түшүндүрүү жана чечмелөө үчүн колдонулган дүйнөнүн символикалык көрүнүшү. Мифоэпикалык дүйнөтааным адамдын жашоосунун маанисин жана максатын түшүнүүгө жардам берген терең философиялык идеяларды жана түшүнүктөрдү камтуу менен дүйнөнүн келип чыгышы, андагы адамдын ролу, моралдык баалуулуктар жана этикалык стандарттар жөнүндө каймана жана символикалык идеяларды сунуш кылат. Мындай кырдаал философиялык ой жүгүртүүнүн калыптанышы менен өнүгүшүнүн пайдубалы болуп эсептелет.

*2-жыйынтык.* Логикалуу ынанымдуу. Анткени, кеңири өкүлчүлүктүү булактардын, анын ичинде байыркы жазма эстеликтердин, эпикалык жомоктордун, фольклордук тексттердин, этнографиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын, ошондой эле ата мекендик жана чет элдик окумуштуулардын кыргыз маданиятынын жана философиясынын көйгөйлөрүнө арналган эмгектеринин негизинде иштелип чыккан. Мифоэпикалык табияттын негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири – ата-бабалардын билимин, тажрыйбасын кийинки муунга өткөрүп берүү жөндөмдүүлүгү. Мифтер жана эпостор өткөн тарыхты таанып-билүүнүн булагы гана болбостон, салттарды, баалуулуктарды сактоого жана жеткирүүгө өбөлгө түзгөн муундар ортосундагы багытталган байланыштын формасын да билдирет. Мындан тышкары мифоэпикалык табият адамзатка өткөн доорлор менен тарыхый байланышты ишке ашырууга шарт түзүп, мейкиндикти кеңейтип, болмуш, жашоонун мааниси жана ар бир инсандын коомдогу орду тууралуу терең суроолорго ой жүгүртүүгө түрткү берет. Дегеле мифоэпикалык дүйнөтааным өзүн дүйнө таанымдын формасы катары көрсөтүү, терең чындыктарды, баалуулуктарды символикалык чагылдыруу жөндөмү аркылуу философиялык мүнөзгө ээ. Ал бизге ой жүгүртүүнүн жана дүйнөнү түшүнүүнүн жаңы горизонтторун ачууга, аң-сезимибиздин структурасын жана чындыкка болгон мамилебизди тереңдетүүгө мүмкүндүк берет.

*3-жыйынтык.* Логикалык жетишээрлик ынанымдуу. Анткени, «Теңир» түшүнүгү кыргыз дүйнө таанымынын өзөктүү элементи болуп, терең философиялык мааниге ээ. Кыргыз салтында «Теңир» адам жашоосунун ар кыл

тармагына таасир тийгизе турган өзгөчө сапаттарга ээ деп эсептелген көзгө көрүнбөгөн күчтөрдү, кудайларды же рухтарды билдирет. Кыргыз дүйнө таанымындагы «Теңир» түшүнүгүн философиялык жактан талдоо анын адам менен табияттан тыш дүйнөнүн байланышын түшүнүү үчүн канчалык маанилүү экенин көрсөтөт. Жаратылышка, космоско жана бизди курчап тургандын бардыгына терең урмат көрсөтүүнү билдирет жана алар менен гармониялуу жанаша жашоонун маанилүүлүгүн баса белгилейт.

*4-жыйынтык.* Жаны жана ишенимдүү. Анткени, мифоэпикалык дүйнөтааным системасынын Тенир философемасынын генезиси, өнүгүшү жана азыркы абалы жөнүндө ишенимдүү тыянак чыгарууга мүмкүндүк берүүчү ички логикалык ырааттуулук жана материалдын системалуу берилишинде. «Теңир» түшүнүгү дүйнөдөгү бардык субъекттердин өз ара байланышы жана көз карандылыгы идеясы менен байланышкан. Жаратылыштын, өсүмдүктөрдүн жана фаунанын ар кандай аспектилери, айлана-чөйрөнүн элементтери, адамдар бирдиктүү жана ажырагыс бүтүндүктүн бөлүктөрү болуп саналат. Бул философиялык окуу жашоонун бардык тармактарында тең салмактуулукту жана гармонияны сактоонун маанилүүлүгүн эске салат. «Теңир» түшүнүгү кыргыз маданиятынын жана ой жүгүртүүсүнүн көптөгөн аспектилерине сиңип, мифтерде, ырым-жырымдарда жана салттарда чагылдырылган. Бул адамдарга дүйнө жүзү боюнча багыт алууга жардам берет жана аларга этикалык, адеп-ахлак нормалары боюнча көрсөтмөлөрдү урматтоого шыктандырат.

*5-жыйынтык.* Ынандыраарлык омоктуу ой-бүтүм. Чынында, Кыргыз мифоэпикалык дүйнөтаанымындагы «Теңир» түшүнүгүн философиялык жактан талдоо бул элдин терең ой жүгүртүүсүндөгү ишенимдерин жана баалуулуктарын, ошондой эле жаратылышка, курчап турган дүйнөгө, Теңирге болгон мамилесин жакшыраак түшүнүүгө мүмкүндүк түзөт. Теңир теоними жана анын этимологиясы уникалдуу дүйнө тааным аспектилерин изилдөө аркылуу ар кандай маданияттар, алардын философиялары жөнүндө түшүнүгүбүздү кеңейтүүгө жардам катарында эволюциялык этаптарга бөлүнүп каралгандыгында.

*6-жыйынтык.* Диссертацияда реалдуу концепттешкен ой-бүтүм тыянакталган жана кыргыздын салттуу маданиятынын жана философиясынын негизинде теңир дүйнө таанымынын мифоэпикалык философиясы жатат. Анда мифологиялык жана эпикалык элементтер айкалышып, кыргыздардын аң-сезиминин жана дүйнө таанымынын өзгөчөлүктөрү чагылдырылат. Теңирдик дүйнө таанымдын мифоэпикалык философиясында негизги орунду

жаратылышта жана жашоонун бардык чөйрөлөрүндө болгон күчтүү жана көзгө көрүнбөгөн күч - улуу Кудай-Теңир же абсалюттук Дух түшүнүгү ээлейт. “Теңир” адам, жаратылыш жана мейкиндиктин ортосундагы гармонияны, тең салмактуулукту жана биримдикти чагылдырат. Бизге белгилүү оозеки булактарга таянсак, Угуз каган – Теңир дүйнөтаанымынын реформатору, анын негиз салуучусу экендиги аныкталгандыгында.

*7-жыйынтык.* Идеялык өркүндөтүү жаңылыгы. Диссертацияда белгиленгендей, Теңир мифоэпикалык дүйнөтаанымынын философиясынын негизги идеяларынын бири – бардык нерселердин биримдиги жана дүйнөнүн бардык элементтеринин өз ара байланышы жөнүндөгү идея. Адам бирдиктүү жана гармониялуу ааламдын бир бөлүгү катары каралып, жаратылыш менен жашоого, уламыштарда жана эпостордо айтылган этикалык жана моралдык нормаларды сактоого умтулат. Киши уулу - Ортонку дүйнөнүн ээси катарында тик жана тегиз дүйнөнүн колдоочулары менен кошо кеңири чагылдырылган. Кыргыз мифоэпикалык дүйнөтаанымындагы Теңир философиясынын негизги элементтери болгон мифтер менен эпостор ата-бабалардын баалуулуктарын, акылмандыгын, тажрыйбасын өткөрүп берүүдө чоң роль ойнойт. Кыргыздардын асман, жер жөнүндөгү түшүнүктөрү Теңир философиясынын алкагында изилденди. Кыргыздарга жаратылыш, коом, адеп-ахлактык, рухий дүйнө таанымды жана салттуу билимдерди муундан-муунга берүүгө жана сактоого жардам берерин баса белгилендиги.

*8-жыйынтык.* Концептуалдуу жаңы. Диссертант «Теңир» түшүнүгү менен ислам дүйнө таанымындагы элементтердин синкретизми кыргыз маданиятында байкалып, анда кийинки мезгилде өлкөдө кабыл алынган салттуу ишеним менен исламдын байланышы жана өз ара таасири байкалат. Тарыхта, ислам татаал мифологиялык жана диний ишеним, анын ичинде дүйнөнү каптаган күч катары Теңир ишеними жашаган аймакка кирген. Бул синкретизмдин натыйжасында эки дүйнө таанымдын кээ бир кайчылаш таасирлери жана элементтеринин айкалышы пайда болот. Мисалы, ислам дүйнө таанымында адамдын мистикалык тереңдиги жана медитация аркылуу Кудай менен байланышы жөнүндөгү түшүнүктөр бар. Бул ойлор кыргыз салтындагы сыйкырдуу культтарга жана Теңир менен байланышы бар түшүнүктөрүнө барып такалышы мүмкүн. Ошондой эле ислам динине кайрылып, кыргыз мусулмандары өздөрүнүн практикасына диний ырым-жырымдарды, сыйынууларды жана майрамдарды киргизишет, бирок алар салттуу ырым-жырымдардын жана Теңирге сыйынуунун элементтери менен айкалыштырылышында.

*9-жыйынтык.* Жаны жана ишенимдүү. Диссертанттын жалпылоосу боюнча, тарыхта, Теңир ишенимине байланыштуу жерлердеги тоо, көл, асманга сыйынуу сыяктуу салттуу ырым-жырымдар улуттук идеялардын таасири менен түшүндүрүлөт, бирок мусулман катары алар башка күчтөргө эмес, негизинен Аллага сыйынышат. Теңирдик жана исламдык дүйнө таанымдагы элементтердин мындай синкретизми жацы динди кабыл алуу жана аны учурдагы мифологиялык жана диний практикалар менен айкалыштыруудагы татаал процессти чагылдырат. Иште ошондой эле маданий контексттердеги адам дүйнө таанымынын ийкемдүүлүгү, адаптациясы жана убакыттын өтүшү менен диний практикадагы өзгөрүүлөрү көрсөтүлгөн. Алынган натыйжалардын философия, маданият таануу жана дин таануу жаатындагы заманбап концепцияларга жана теорияларга шайкеш келиши, бул алардын илимий негиздүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылат.

*10-жыйынтык.* Жаны жана негиздүү. Анткени, изденүүчүнүн корутундусу боюнча Түрк элдеринин дин тарыхын изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бурган дагы бир феноменалдуу көрүнүш бар: ал ислам менен теңирчиликтин синкретизми, эки диний принциптин бир бүтүн түр катары чагылышы. Бул түрдө дин: оюн асманды карай багыттап сыйынгандар менен батышты карап намаз окугандардын, өрнөк иштери үлгү болгондор менен осуят сөздөрү элге жайылгандардын, эл коргогон баатырлар менен эл тарбиялаган пайгамбарлардын, кыскартып айтканда, Теңир менен Алланын айкалышкан синтези катары көрсөтөт. Ошентип, методологиялык, булактануу, логикалык жана апробациялык факторлордун айкалышы диссертацияда формулировкаланган жоболордун, тыянактардын жана корутундулардын ишенимдүүлүгүн жана негиздүүлүгүн кепилдейт.

**3.3. Теориялык жана колдонмо багыттагы маселелерди чечүүдө изилдөөдөн алынган натыйжалардын наркы.**

Диссертациядагы чыгарылган корутундулар, жобо жана жыйынтыктар илимий-концептуалдуу негизде аргументтүү ой-пикирлер менен берилген. Изилдөөгө алынган маселенин актуалдуулугу, өзүнүн көп кырдуулугуна байланыштуу башка илимдердин алкагында изилденип чыгарылган тыянактарга да таянууга түрткү болгон. Диссертациялык изилдөөдө академиялык стилдеги нукура кыргыз тилиндеги бир нече омоктуу жана уккулуктуу терминдер колдонулган. Адатта көпчүлүк учурларда европоборбордук императивге таянып, сырттан келген терминдерди көп

колдонулат. Анын прагматикалуу маанилүүлүгү - философиялык кыргыз кыртышында кеңири кулач жайуусунан үмүттөндүрөт.

Диссертациялык иш бир нече баалуу илимий жаңылыктарды жана жоболорду камтып турат. Аны изденүүчүнүн философия илимине кошкон салымы катары белгилөөгө болот. Диссертациялык иштеги алынган илимий жыйынтыктар бири-бири менен байланыштуу практикалык сунуштар, такталган теориялык жоболор менен ишенимдүү калыпка салынган.

***1-жыйынтык.*** Ынанымдуу, анткени, кыргыз этникалык тобунун улуттук дүйнөтаанымынын өзгөчөлүктөрү, анын архаикалык космогониялык, антропоморфтук жана тотемдик негиздери жөнүндө илимий көз караштарды кеңейтүү жана тереңдетүү болгон. Байыркы кыргыздардын дүйнө таанымы теңирчилик философиясында өз көрүнүшүн тапкан мифоэпикалык салтка терең тамыр жайган. Бул байыркы диний-философиялык система Ааламга, табигый элементтерге жана адамга ажырагыс биримдик катары сыйынууга негизделген бүтүндөй дүйнө таанымды билдирет. Кыргыз маданиятындагы теңирчилик философиясынын эволюциясы анын өзгөрүп жаткан тарыхый шарттарга ыңгайлашуу жөндөмүн көрсөтөт. Архаикалык космогониялык идеялардан өнүккөн этикалык-философиялык концепцияларга чейин теңирчилик улуттук дүйнө таанымдын негизги аспектилерин ырааттуу түрдө кайра чыгарып, жаңыртып турган.

***2-жыйынтык.*** Ишенимдүү, анткени, дүйнөтүзүлүш тууралуу түшүнүктүн байыркы архаикалык формасы – философема. Ал – дүйнөтаанымдын, нерсе-кубулуштарды андоого, жалпылоого болгон аракеттин алгачкы артефакты – логикалык тариздеги куралы. Философемалар, этникалык мейкиндикте жаралгандан улам этникалык мүнөз күткөн этнофилософемалар улуттук кыртыштан өнүп чыккан дүйнөлүк философиянын пайдубалы. Кыргыз философиясынын башаты да – мифтик, мифоэпикалык, диний философемалар болуп эсептелет. Байыркы мейкиндик менен мезгилдин өзгөчө кыйырына кынапталган адам (киши, пенде, тирик, макулук, жандык) жөнүндөгү баёо ойлом формалары философемалык мүнөздө болгон. Азыркы адам түшүнүгүнүн түпкү теги – философемаларда. Ушундан улам соңку учурда адам көйгөйүн изилдөө кандай илимий-теориялык зарылдык болсо, анын башаты болгон адам философемаларын иликтөө ошондой эле концептуалдык зарылдык болуп эсептелет.

***3-жыйынтык.*** Негиздүү, анткени, диссертацияда изилденип жаткан ата мекендик философиялык салыштырма изилдөөлөрдүн өнүгүшүнө салым кошкон

кыргыз маданий салты үчүн теңирчиликтин фундаменталдык философиясынын эволюциялык мыйзам ченемдүүлүктөрүн караган. Түрк жана монгол элдери биздин замандын 2-миң жылдыгынын башталышына чейин, башкача айтканда, дүйнөлүк диндер пайда болгонго чейин, ар кандай этностук топтордун өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ болгону менен бирдиктүү салттуу ишеним катары – Теңир дүйнөтаанымын карманышкан, ал мамлекет жана империялар ичинде диндин да функциясын аткаргандыгын негиздеген.

*4-жыйынтык.* Ынындыраарлык, анткени, диссертацияда кыргыз эпикалык, ритуалдык жана көркөм чыгармачылыктагы теңирчилик идеяларын чагылдыруу жана актуалдаштыруу механизмдерин ачкан концептуалдык моделди иштеп чыгуу жетише алган. Теңирчиликте дүйнөнүн жаралышы, ааламдын, табияттын жана адамдын жаралышы жөнүндөгү бай мифология бар, ошол эле учурда теңирчилик өзүн дин катары бекемдөөгө умтулган эмес, бирок бул үчүн бардык негиздер жана атрибуттар болгон. Теңирчилик, бардык түрк жана монгол элдеринин дүйнө таанымы катары, алардын көпчүлүгү дүйнөлүк диндерди кабыл алганына карабастан, бул элдерди маданий жана руханий жактан бириктирген универсалдуу көрүнүш. Демек, теңирчиликти бутпарастык деп атоого болбойт, анткени бутпарастык дин бир уруунун же элдин (б.а. тилдин, элдин түшүнүгү боюнча) дини катары түшүнүлөт.

*5-жыйынтык.* Негиздүү жана актуалдуу. Анткени, изилденип жаткан проблемалык көйгөйлөр прагматикалуу. Түрк жана монгол элдеринин дүйнөтаанымынын өзөгүнө айланган теңирчилик христиан, ислам жана буддизмге караганда эффективдүү болгон уюштуруучу жана бириктирүүчү күч болгон. Анткени, хунндардын, түрктөрдүн, монголдордун жеңиштүү жортуулдары так ушул теңирчилик тарабынан колдоого алынган. Теңирчиликтин ордун акырындык менен дүйнөлүк диндер ээледи. Бул экспансиянын максаты ачык эле көрүнүп турат, эл руханий жактан жат динге баш ийип, анан саясий жактан баш ийет. Бирок ислам менен теңирчиликтин ортосунда синкретизм пайда болгон, бул жылышуу эмес, тирешүү эмес, эки диний принциптин кандайдыр бир «жуурулушу» болгон. Демек, ушундай жол менен гана түрк элдеринин арасында мусулмандык догма менен эркин дүйнөтаанымдын синтези катары, эки ысымдуу бир Кудайга болгон ишеним катары жашап келдиги негизделген.

6-*жыйынтык.* Ишенимдүү. Анткени, диссертациядагы жыйынтыкталган ой-бүтүм негиздүү ишенимди жаратат. Чынында эле Теңирчилик жалпы кабыл алынган мааниде дин эмес, бирок ал деисттик мүнөздөгү табигий диндин ролун

аткарып келген. Анткени табигий диндин да ыйык жазмалары, догмалары, негиздеген пайгамбарлар институту жана мечит, чиркөө сыяктуу атрибуттары болбойт. Теңир дининин андай эл чогулуп, кудайга сыйынуучу ыйык мекемелери болуп, ачык асман алдындагы мазарлар саналган. Теңирчиликте кудайлардын пантеону иргелип, алардын иерархиясы акырындап калыптанган. Бирок тарыхый окуялардан улам жана дүйнөлүк диндердин таасири астында анын бул багыттагы жолдору тосулуп, идеологиялык укуктары чектелип калган. Теңирчилик менен шаманчылык бир эле нерсе эмес. Бакшылар менен камдардын функциялары да бири-биринен айырмаланган. Теңир бакшылары өткөрүп жаткан иш-чараларга жана сыйынуу ырым-жырымдарына башка ишенимдин адамдары катышууга укуксуз болушкан. Кыргыз элинин мифоэпикалык мурасын сактоо жана жайылтуу боюнча иштелип чыккан сунуштамаларды адистештирилген илимий мекемелердин, музейлердин жана маданий борборлордун ишине киргизүү керектигин ишендирет.

7-*жыйынтык.* Негиздүү жана баалуу. Анткени, философиялык Тенир дүйнөтаанымы дуалисттик принципте калыптанган ишеним болгон. Анда “Оң-Сол”, “Ак-Кара”, “Күн-Түн” принциптери сакталган. Бирок, ал Даосизмге окшоп бир тараптуу эки күчтүн (Янь менен Индин) гармониясын же Зороастризм сыяктуу эки духтун  (Ахурамазда менен Ахриман) күрөшүн идеологияга айландырбастан, Тениричилик эки улуу духтун (Үлкен менен Эрлик) бири-бири менен атаандашкан жана ошол эле убакта бири-бирин толуктаган философияны өнүктүргөн. Тениричиликте ички күрөш, сырткы гармония абалы кармалган. Тенирчилик сезимтал акыл же акыл-эстүү сезим, башкача айтканда, баш менен жүрөктүн бүтүндүгүн карманган. Тенир космологиясы боюнча, Тик дүйнө үч катмардан (Жогорку- Төмөнкү жана Ортонку), Түз дүйнө үч бөлүктөн (Чыгыш-Батыш жана Борбор) турган баалулук экендигин негиздеген. Улуттук иденттүүлүктү бекемдөөгө, кыргыз коомунун салттуу баалуулуктарын жана этикалык стандарттарын берүүгө багытталган жыйынтыктарды маданий-агартуу ишинин практикасында колдонуу сунушталган.

***8-жыйынтык.*** Ынанымдуу жана баалуу. Диссертацияда белгиленгендей, байыркы бабалар сак, сармат жана скифтер сыяктуу эле байыркы кыргыздар да өздөрү жашаган коомду космостук моделге ылайык түзүшкөн. Коом Тик дүйнө принциби боюнча үч катмардан (жоокерлер-билгилер-байлар), Түз дүйнө принциби боюнча үч бөлүктөн (оң канат-сол канат жана ичкилик) турган. Микрокосмос (Адам-Эл) Макрокосмостун жердеги көрүнүшүн чагылдырган. Ушундай учурда гана эл бактылуу, коом туура өнүгүп жашайт деп ишенишкен.

Бул түзүлүштүн ички маани-мазмундарын унутуп калышканы менен анын сырткы көрүнүшүн кыргыздар бүгүнкү күнгө чейин сактап келатышат. Философтор менен окумуштуулар эми аны байыркы бабалар түшүнгөн түшүнүк менен чечмелеп, аны бүгүнкү күнгө ылайык өнүктүрүүдө турат.

Кыргыз эли өзүнүн коомун Тик дүйнө принциби боюнча: Бийлер-Билгилер жана Байлар, Түз дүйнө принциби боюнча: Оң канат (Оң улус) – Сол канат (Сол улус) жана Ичкилик (Ички улус) деп бөлүнүп келген. Кыргыз адамы Тик дүйнө принциби боюнча: Ата-Апа жана Бала, Түз дүйнө принциби боюнча: Эр-Үр жана Ата журт аталыштары менен жашаган. Жогорку принциптердин баары ислам динин кабыл алгандан кийин бузулуп баштаган. Ислам менен башка элдин иедологиясы, башка элдин дүйнөтаанымы келген. Арий ата-бабаларыбыздын салттары бузулуп, элдин жашоо образы өзгөрүлүп баштаган. Диссертациянын материалдарын кыргыз элинин маданий-тарыхий мурасын сактоого жана өнүктүрүүгө багытталган мамлекеттик программаларды жана стратегияларды иштеп чыгуу үчүн маалыматтык-аналитикалык база катары пайдалануу баалуу.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши**

1. **Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү**

1.1. Жаңы илимий багытты иштеп чыгуу же жыйындысы тиешелүү илимдин тармагындагы ири жетишкендик катары эсептеле турган актуалдуу илимий багыттын бирин жана негизинен жаңы натыйжалардын мазмунун концептуалдуу өнүктүрүү.

2. **Диссертациянын жыйынтыктарынын жацылыгынын деңгээли**

2.1. Жыйынтыктары жаңы деп эсептелет.

3. **Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу**

3.1. Жогору.

4. **Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы**

4.1. Тема тармактык программага, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын планына же уюмдун тематикалык планына кирет.

5. **Колдонмо мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли:**

5.1. Тармактар аралык денгээлде.

6. **Колдонмо мааннсн бар диссертациянын жыйынтыктарын кецири пайдалануу боюнча сунуштар:**

6.1. Кеңири пайдаланууну талап кылат.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык изилдөөнүн практикалык натыйжалары келечек муундарга, окумуштууларга, философторго жана аталган тема боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө чоң өбөлгө түзөт. Орто мектептер жана жогорку окуу жайлары үчүн Кыргызстандын тарыхы боюнча окуу китептери жыл сайын чыгарылып турат. Бул окуу китептеринин бардык артыкчылыктарына карабастан, байыркы кыргыз дүйнөтаанымына байланышкан маселелер жетиштүү негизделбеген жана толук чагылдырылган эмес. Айрыкча, байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардын Тенир ишенимине байланышкан өзгөчөлүктөрү көбүнчө шаманизмдин элементтери менен аралашып кеткен. Ошондуктан, автор окуу китептерин, монографияларды жана башка басылмаларды басып чыгарууда бул көйгөйдү бир кыйла объективдүү чагылдырууга ар тараптуу жардам көрсөтө турган эмгек катары сунуш кылат. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары Борбордук Азиядагы Ага Хан фондунун “Адамтаануу” проектисинде, илимий-практикалык конференцияларда окулду. Анын айрым бир бөлүктөрү Борбор Азиядагы Кыргызстан, Казакстан жана Тажикстан Республикалары биргелешип иштеп жатышкан “Адамтаануу” (2022-ж., орус тилинде; 2023-ж., кыргыз тилинде) боюнча жазылган окуу китебине кирди.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус, англис тилдеринде резюмеси бар.

**6. Диссертациядагы учураган айрым мүчүлүштүктөр.**

1. Диссертациялык ишти жазууда ссылка кылган авторлорду белгилөөдө ГОСТтун талаптарына ылайык чарчы кашаага алып текстин өзүндө белгилеп кетүү сунушталат.

2. Авторлорго ссылка кылган текстерди кыргыз тилине которуп, автордун котормосу деп белгилөөсү сунушталат (Мисалы, Т.А Тюлегеновдин эмгегине ссылка кылганда (4-бет), Ы.Мукасовдун эмгегине ссылка кылганда (5-бет).

3. Изилдөөдө айрым техникалык, стилистикалык мүчүлүштүктөр кездешет. Ал диссертациялык иштин деңгээлин төмөндөтпөйт.

7. **Сунуштар**.

Байыркы кыргыз дүйнө таанымынын антропологиялык маселелери боюнча атайын колдонмо иштеп чыгуу сунушаталат.

**8.Сунуштамалар.** Расмий оппоненттерди жана жетектөөчү мекемени жалпы карап чечүү сунушталат

**9.Корутунду:**

Алымбаев Абдрахман Мырзагуловичтин (Байас Турал) 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын мифоэпикалык табияты: тенир философемасынын эволюциясы» аттуу диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын докторлук диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып**, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институтуна жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдеринин доктору (кандидаты), маданият таануу жана искусство таануунун кандидаты окумуштуулук даражаларды изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д 09.22.657 диссертациялык кеңешине 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Алымбаев Абдрахман Мырзагуловичтин «Байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын мифоэпикалык табияты: тенир философемасынын эволюциясы» аттуу докторлук диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**философия илимдеринин доктору** **Токоева Г.С.**

**Эксперттик комиссиянын колун тастыктаймын:**

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**философия илимдеринин кандидаты,**
**доцент** 4.09.24 **Алымкулов З.А.**